**МЕКЕН ТААНУУ 4-класс** **ВАРИАНТ № 4**

## ТЕСТТИН ТҮЗҮЛҮШҮ:

**Тест 2 бөлүмдөн турат:**
**1-бөлүм** 1ден 8ге чейинки тапшырмалар – сунушталган 4 варианттын ичинен бир туура жоопту тандап алуу.
**2-бөлүм** 9 жана 10 – дал келтирүүгө берилген тапшырмалар.

## 1-БӨЛҮМ

**№ 1.** Скелеттин кызматы эмне?
а) Сөөктөрдү бири-бири менен байланыштыруу.
б) Адамдын басуусуна жардамдашуу.
в) Бардык сөөктөрдү кыймылга келтирүү.
г) Тулку бойдун формасын сактап туруу.

**№ 2.** Дененин эң катуу сөөгү – бул ...
а) скелет
б) тиш
в) омуртка
г) кабырга

**№ 3.** Скелет канча жашка чейин өнүгөт?
а) 16 – 20 жаш
б) 18 – 25 жаш
в) 17 – 24 жаш
г) 15 – 21 жаш

**№ 4.** Муун деген эмне?
а) Сөөктөрдүн кыймылсыз биригүүсү
б) Сөөктөрдүн кыймылдуу ажыроосу
в) Сөөктөрдүн кыймылдуу биригүүсү
г) Сөөктөрдүн кошулган жерлери

**№ 5.** Кайсы сөөктөр бири-бири менен кыймылсыз бириккен?
а) бут
б) кол
в) моюн
г) баш

**№ 6.** Сөөктөрдүн кыймылда болуп турушу үчүн ... иштеш керек.
а) булчуң
б) жүрөк
в) кан айлануу
г) нерв системасы

**№ 7.** Адамдын тамак сиңирүү системасы эмнелерден турат?
а) тиш, тил, ашказан, ичегилерден
б) ооз көңдөйү, кызыл өңгөч, ичеги, бөйрөк, карын астындагы безден
в) ашказан, жоон ичеги, ичке ичеги, шилекей бездерден
г) кызыл өңгөч, ашказан, жоон ичегилерден

**№ 8.** Ооз көңдөйдө эмненин жардамы аркылуу тамак сиңирүү башталат?
а) тилдин
б) тиштин
в) шилекейдин
г) кекиртектин

## 2-БӨЛҮМ

***Бул бөлүм дал келүүлөрдү белгилей турган тапшырмалардан турат. Сол жакта турган ар бир элементке оң жактагы элементтердин ичинен дал келгенин тапкыла. (б.а. дал келген эки элементти туташтыргыла). Оң жактагы элементтердин бирөөсү ашык.***

**№ 9.** Өлкөлөрдү мамлекеттик желектери менен дал келтиргиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | Кыргызстан | 1 |  |
| Б | Кытай | 2 |  |
| В | Россия | 3 |  |
| Г | Казакстан | 4 |  |
| | | 5 |  |

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**№ 10.** Дал келтиргиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | Кызыл планета | 1 | Меркурий |
| Б | Жашоого мүмкүн болгон жалгыз планета | 2 | Венера |
| В | Уулуу газдар менен курчалган планета | 3 | Юпитер |
| Г | Күнгө эң жакын планета | 4 | Марс |
| | | 5 | Жер |

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**ТЕСТТИН АЯГЫ**

**Тестти баалоо:**
**1-бөлүмдөгү 1 ден 8 ге чейинки ар бир тапшырмага 1 балл,**
**2-бөлүмдөгү 9 жана 10 тапшырмалардын –**
Төрт туура дал келген жообуна **3 балл,**
Үч туура дал келген жообуна **2 балл,**
Эки туура дал келген жообуна **1 балл,**
Бир туура дал келген жообуна **0 балл берилет.**

**Жалпы: 14 балл**

| **Баллдар** | **Баасы** |
|---|---|
| 1 – 4 балл үчүн | «2» |
| 5 – 8 балл үчүн | «3» |
| 9 – 11 балл үчүн | «4» |
| 12 – 14 балл үчүн | «5» |